
# Ачык сабактын иштелмеси.

# М.Нурбаев атындагы орто мектеби.



**Сабактын темасы: Чынгыз Айтматов “Эрте келген турналар” повести.**

**Мугалим: Оморалиева В.К.**

2021-2022ж

***Сабактын темасы: Ч.Айтматовдун***

***«Эрте келген турналар» чыгармасын жыйынтыктоо.***

| **Сабактын максаты** | **Көрсөткүчтөр** | **Күтүлүүчү натыйжа** |
|---|---|---|
| Окуучулар повесттин сюжетин баяндап, негизги ойду аныктап бере алышат; каармандарга мүндөздөмө бере алышат; билим алуу, билимдүү болуу зарылдыгын түшунушөт; өткөн мезгилдеги жашоо турмуш менен бүгүнкү күндөгү жашоо турмушту салыштыра алат; өз оюн чыгармадан мисал келтирип далилдеп бергенге үйрөнүшөт. | Жогорудагы максаттар ишке ашат, эгерде...<br>• повесттин мазмуну боюнча берилген суроолорго жооп бере алышса;<br>• Чыгармадагы турмуш чындыгын айтып бере алышса;<br>• Повесттеги негизги ойду көрсөтүп бере алышса; | 7.1.1.2 Чыгарманын негизги көйгөйүн таба алат.<br><br>7.2.1.9. Каарамандардын мүнөзүн ачып берүүдөгү лейтмотив, диалог, монолргдордун ролун аныктайт. Аларды тексттен таба алат. |
| Каармандын мүнөзүнө, иш –аракетине сынчыл баа бере алат, сөз байлыгы өсөт; баяндап айтуу көндүмдөрү | - Каармандарды мүнөздөп, алардын оң-терс сапаттарын көрсөтүп бере алышса; адабий тилдин | 7.2.1.15. Каармандарга мүнөздөмө берет.<br>7.3.1.9. Кыска жана тандалган айтып |

| | | |
|---|---|---|
| калыптанат. | нормасын сактап, билгендерин эркин баяндап бере алышса. | берүүдө сюжеттин мазмунун берет. |
| Аракет кылса ийгилик болорун түшүнүшөт; чыгармадагы элдик таалим – тарбия салттарын үйрөнүшөт; Султанмураттын образы аркылуу эмгекчилдикке, чынчылдыкка багыт алышат. | - Аракет кылса ийгилик болорун түшүнүшсө; чыгармадагы элдик таалим – тарбия салттарын үйрөнүшсө; Султанмураттын образы аркылуу эмгекчилдикке, чынчылдыкка багыт алышса. | 7.4.1.24. Көркөм чыгарманын негизги көркөм сүрөт каражаттарын бөлүп көрсөтөт. |

| к/№ | Негизги компетенттүүлүк | Предметтик компетенттүүлук |
|---|---|---|
| 1 | Маалыматтык | Окурмандык: Көркөм чыгарманын эпизоддорун көз алдыга элестетип оозеки айтып бере алат. Мугалимдин жетекчилиги менен чыгарманын темасын, идеясын, формасын, мазмунун аныктай алат. |
| 2 | Социо-катнаштык | Баалуулук-дүйнө таанымдык: Чыгарманын сүрөттөө каражаттарын, |

| | | |
|---|---|---|
| | | портретин көрсөтө алат. |
| 3 | Өзүн-өзү уюштуруу жана көйгөйлөрдү чечүү | Адабий – чыгармачылык: Көркөм чыгараманы үн кубултуп, көркөм окуй алат. |

***Сабактын тиби:*** Билимдерди кайталоо,жалпылоо,системалаштыруу.

***Сабактын формасы***: таймаш-сабак

***Сабактын методу:*** Блумдун “Ромашкасы”

**Предмет аралык байланыш:** тарых, кыргыз тили сабактары.

***Сабактын жабдылышы:*** компьютер, А4 барак, маркер, тустүү кагаздар, сүрөттөр, таркатмалар.

***Сабактын жүрүшү:***

| **к/ №** | **Сабактын этаптары** | **Мугалимдин иш-аракети** | **Окуучунун иш-аракети** | **Компетенттүүлүктөр** | | **Баалоо** |
|---|---|---|---|---|---|---|
| 1 | **Уюштуруу**<br>**7 минут** | Классты сабакка даярдоо.<br>Кичи топторго бөлүү.<br>Муз жаргычтар<br>“Сыр куржун” | “Алтын эреже”<br>Топторго бөлүнүшөт<br>Мугалимдин көрсөтмөсү | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Слайд № | боюнча аткарат. | | | |
| 2 | **Сабактын темасын максаттын, милдеттерин билдирүү,окуучуларды активдүү иш аракетке багыттоо**<br>**5 минут** | Сабактын темасы менен тааныштыруу.<br>Үй тапшырманы суроо.<br>Слайд № | Сабактын темасы, максаты менен таанышат.<br>Окуучулар суроолорго жооп беришет. | ПК | НК | Калыптандыруучу баалоо<br>Сөз түрүндө баа берүү |
| 3 | **Таяныч билимдерди эске түшүрүү жана коррекциялоо**<br>**2 минут** | Оюн “Сандар суйлөйт” .<br>Сандар аркылуу маалыматты суроо.<br>Слайд № | Окуучулар сандарды атоо менен Ч.Айтматов жөнүндө маалыматтарды табышат. | ПК | НК | Калыптандыруучу баалоо<br>Бир сөз менен жалпылоо. |
| 4 | **Түшүнүктөрдү кайталоо,жалпылоо жана системалаштыруу, билимдердин белгилүү системасын, түйүндүү идеяларды,теорияларды өздөштүрүү** | Текст менен иштөө.<br>1-топ<br>Терезеден үйлөгөн суукка Султанмураттын оң капталы муздагандан муздап бартат. Кашекке тийген шамалдын | Текстти үзүлгөн жерден таап, улап окушат<br>Берилген суроолорго жооп берет.<br>Окууучулар топто талкуулап, | ПК | НК | Калыптандыруучу баалоо<br>Калыптандыруучу сурамжылоо. |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | 25 минут | ышкырыгы кулак түбүнөн ызылдайт. Бирок чыдабаска чара жок. Иңкамал-апай аны атайын отургузган. “Балдардын арасынан тирикарагы сен эмессиңби, чыдаарсың” –деген. Суук түшө электе бул орунда<br><br>2-топ Мырзагүл отурчу, аны Султанмураттын ордуна которгон. Аерге мынчалык суук жетпейт. “Мырзагүлдү деле жаныма калтырып койбойбу, терезе жакка мен эле отурбайт белем”, -деп Султанмурат ичинде сызып калган. Бир партада | презентацияла йт.<br><br>Блумдун “Ромашкасы” боюнча топтор суроолорго жооп беришет | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | жанаша<br><br>3-топ. отура беришмек. Эми танаписте жанына жолосо манаттай кызарат. Башкалар менен аралашып ойноп жүргөнү, а Султанмурат барса эле кызарып, качып кетет.Артынан кубаламак беле. Анда балдар ого бетер күлбөйбү.<br><br>Терезеден үйлөгөн суукка Султанмураттын оң капталы муздагандан муздап бартат. Кашекке тийген шамалдын ышкырыгы кулак түбүнөн ызылдайт. Бирок чыдабаска чара жок. Иңкамал-апай аны атайын | Сүрөттор боюнча суроолорго жооп беришет. | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | отургузган. “Балдардын арасынан тирикарагы сен эмессиңби, чыдаарсың” –деген. Суук түшө электе бул орунда Мырзагүл отурчу, аны Султанмураттын ордуна которгон. Аерге мынчалык суук жетпейт. “Мырзагүлдү деле жаныма калтырып койбойбу, терезе жакка мен эле отурбайт белем”, - деп Султанмурат ичинде сызып калган. Бир партада жанаша отура беришмек. Эми танаписте жанына жолосо манаттай кызарат. Башкалар менен аралашып | | | | |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | ойноп жүргөнү, а Султанмурат барса эле кызарып, качып кетет.Артынан кубаламак беле. Анда балдар ого бетер күлбөйбү.<br><br>Блумдун “Ромашкасы” боюнча топтор суроолорду берет.<br>1. Жөнөкөй суроолор<br>2. Тактоочу суроолор<br>3. Түшүндүрүүчү суроолор<br>4. Чыгармачыл суроолор<br>5. Баалоочу суроолор<br>6. Практикалык суроолор | | | | Бир сүйлөм менен жалпылоо |

| | | | | | | |
|---|---|---|---|---|---|---|
| | | Эс алуу мөөнөтү.<br><br>Топторго тапшырма:<br><br>Сүрөттөр боюнча тапшырма берилет | | | | |
| 5 | Сабакты жыйынтыктоо<br><br>3 минута | Кайтарым байланыш. | Бүгүнкү сабакта эмне кызыктуу болду? | ПК | НК | Калыптандыруучу баалоо |
| 6 | Үй тапшырма<br><br>1 минута | "Ак сай десанты" деген темада эссе жазып келүү | | | | |
| 7 | Баалоо<br><br>2 минута | | | | | |

1-суроо

1. топ: Чыгармадагы башкы каармандар кимдер?

1. топ:Чыгарманын окуясы эмне менен башталат?

1. топ: Окуя кайсы мезгилди сүрөттөйт?

2- суроо:

1. топ: I-III бөлүмдөрдөгү ата менен баланын мамилесинен эмнени баамдашка болот?

1. топ: Тыналиев башкарма мектепке келгенден кийин балдардын турмушунда кандай өзгөрүүлөр болду:

1. топ: Алыскы кош айдоого бара тургандар эмне үчүн “Ак-Сай десанты” деп аталды?

3-суроо:

1-топ: Эмне үчүн Тыналиев башкарма оруктагы жумуштарды согуш талаасындагы кызыл кыргындан кем баалабайт?

2-топ: Ак – Сайга кетер алдында башкарма эмне үчүн кайра – кайра кайрылат?

3-топ: Десанттын командири катары Султанмуратка кандай баа бере аласыңар?

4-суроо:

1-топ: Султанмурат менен Анатайдын жана алардын Мырзагүлгө болгон мамилелерин айтып бергиле.

2-топ: Султанмурат менен Мырзагүлдүн ортосундагы наристе сүйүүсүн колдойсуңбу же айыптайсыңбы? Бул боюнча өз оюңду далилдей аласыңбы?

3-топ: Жазуучу эмне себептен башкарманы баатыр Манаска, ал эми кошчу балдарды анын чоролоруна салыштырат?

5-суроо:

1-топ: “Мергенчилер” кимдер? Алар менен Бетме-бет повестиндеги Ысмайылды окшоштуруп турган эмне?

2-топ: Жамандык менен жакшылык, өмүр менен өлүм дайыма бой тирешип турарын кайсы эпизоддордон көрөбүз?

3-топ: Аталар көтөргөн чамгаракты кулатпай, коломтого жаккан отту өчурбөөчү, турмуш менен өмүрдү улантуучу Султанмурат жана анын курбулары: Анатай, Эргеш, Эркинбек, Кубаткулдардын согуш мезгилинде корсөткөн эрдиктери жөнүндө сенин оюң кандай?

6-суроо:

1-топ: Эгер сага Султанмуратай жоопкерчиликтүү иш моюнуңа жүктөлсө эмне кылмаксың? Чыгармада сени таң калтырган окуя же кайсы каармандын кылык-жоругу болду?

2-топ: Сага чыгарманын аягы ушундайча буткөнү жактыбы, эмне үчүн?Повесттен элибиздин кандай мүнөздүү белгилерин байкадың:

3-топ: Чыгарманы окугандан кийин адамдарга болгон мамилең, турмушта болгон көз карашыңда кандайдыр бир өзгөрүүлөр болгонун байкадыңбы?


Чыңгыз Төрөкулович
Айтматов
1928 - 2008



Эрте
келген
Турналар

